**Мирбек Масалиев - КЫЛЫГЫҢ БАЛДАЙ**

**с.Жылдызбек Турсунбаев**

**о.Кенжебек Жанабилов**

Махабат оттой жанганча,
Маанисин билип алганча.
Сүйөмүн сени жүрөктүн
сааты сокпой калганча.

Сырым бар сезим тилинде,
Сыйым бар аруу дилимде.
Күн болуп тийсин чырайың,
Күлмүңдө, сен күлмүңдө!

**КАЙЫРМА:**
***Кылыгың, кылыгың балдай,***
***Калдым кумарым канбай.***
***Сен деп талбай,***
***Сезимим жүрөм арнай.***

Махабат канат жайганча,
Мазмунсуз кетти ай канча?
Көркүңө дайым мен ашык,
Көзүмдүн нуру тайганча.

Сагыныч толгон жердесиң,
Санаанын күүсүн чертесиң.
Эреркеп, эриткен жанды,
Эркесиң сен, эркесиң!